ЭКЗЕМПЛЯР ОсОО "FORESTER"

**УТВЕРЖДЕНО «26» июня 2023 год**

**Руководством ОсОО «Forester» («Форестер»)**

**Административный директор Черепов А.А. /______________/**

**Руководитель юридического отдела Дыйканбаева К.Б. /______________/**

**М.П.**

**ПУБЛИЧНАЯ ОФЕРТА**

**(предложение о заключении договора розничной купли-продажи, содержащее все существенные условия)**

Действительно с 26 июня 2023 года

Общество с ограниченной ответственностью «Forester» («Форестер») предлагает любому физическому лицу, достигшему возраста восемнадцати лет, являющемуся потребителем табака и имеющему заинтересованность в приобретении Товаров, нижеследующий публичный договор к заключению:

**ПУБЛИЧНЫЙ ДОГОВОР**

**розничной купли-продажи Товаров дистанционным способом посредством приложения Glovo**

**Преамбула**

Настоящий публичный договор розничной купли-продажи дистанционным способом (далее - «**Договор**») является неотъемлемой частью публичной оферты и регламентирует общие и основные условия взаимодействия между Обществом с ограниченной ответственностью «Forester» («Форестер»), юридическим лицом, зарегистрированным по адресу: Кыргызская Республика, г. Бишкек, ул. Чолпон-Атинская, д. 16, почтовый индекс: 720048, именуемым в дальнейшем «**Продавец**», с одной стороны, и любым дееспособным физическим лицом, достигшим возраста двадцати одного года, являющимся потребителем табака и имеющим заинтересованность в приобретении Товаров посредством Платформы Glovo (определение которых дано ниже), именуемым в дальнейшем «**Потребитель**», акцептовавшим предложение (публичную оферту) о заключении Договора, с другой стороны, на условиях Продавца без изменений, по вопросам розничной купли-продажи Товаров посредством технологической платформы Glovo через личный кабинет (далее – «**Платформа**» ).

1. **Определения**

- **Товар** – электрическая система нагревания табака IQOS, изделия с нагреваемым табаком, а именно нагреваемые табачные палочки HEETS, а также любые иные товары, предложенные Продавцом Потребителю к продаже за определенную цену, согласно Каталогу Продавца, имеющиеся в наличии у Продавца в момент оформления Заказа. Перечень Товаров, предлагаемых к продаже Продавцом, и их стоимость определяются им в одностороннем порядке и отражаются в Каталоге Продавца.
- **Каталог** – размещенный на интернет-ресурсе https://glovoapp.com/kg/ru/ (далее – Интернет-ресурс) или в Приложении, вместе составляющие Платформу, перечень Товаров, предлагаемых Продавцом к продаже Потребителю, с указанием ассортимента и соответствующих цен на Товары, основных потребительских свойств Товаров.
- **Заказ** – должным образом оформленный запрос Потребителя на приобретение и доставку по указанному Потребителем адресу Товаров, выбранных на Платформе.
- **Служба поддержки** – контакт-центр Продавца, ответственный за прием и обработку Заказа, а также за организацию доставки и продажи Товара, номер телефона: 1848.
- **Стороны** – Продавец и Потребитель при совместном упоминании.
- **Гарантийный взнос** – денежная сумма, передаваемая Потребителем Продавцу в обеспечение исполнения обязательства по оплате заказанного Товара по Договору купли-продажи.

- **«Приложение»** - компьютерная программа в виде онлайн-сервиса, которая позволяет обрабатывать, публиковать (размещать) Контент Продавца на веб-узлах Glovo в сети Интернет, и позволять определенному кругу лиц (зарегистрированных в Приложении), ознакомиться с Контентом Продавца.
- **«Контент»** - информация справочного характера, предоставленная Продавцом для обработки в Приложении.
- **«Документ, удостоверяющий личность»** - материальный объект установленного образца с зафиксированной на нем информацией о персональных данных физического лица, позволяющей установить личность и правовой статус его владельца в целях идентификации личности, а именно:

  - паспорт гражданина Кыргызской Республики;
  - удостоверение личности гражданина Кыргызской Республики;

## 2. Предмет Договора

- Продавец обязуется передать Товар Потребителю в собственность для целей его использования, не связанных с предпринимательской деятельностью, а Потребитель оплачивает и принимает Товар согласно действующему на момент оформления Заказа Каталогу Товаров и другим условиям настоящего Договора, в том числе, установленных приказами и (или) иными документами Продавца.
- В зависимости от специфики Товара, способа его приобретения и (или) иных условий купли-продажи Товара, установленных Продавцом, возможны дополнительные, изменяющие, конкретизирующие и прочие положения, которые могут содержаться в отдельных приказах, правилах или иных документах Продавца, которые являются неотъемлемой частью настоящего Договора и с которыми Потребитель может ознакомиться на Платформе или путем обращения в Службу поддержки.

## 3. Порядок заключения Договора и изменения его условий

- Настоящий Договор является публичным Договором в соответствии со статьей 398 Гражданского кодекса Кыргызской Республики, т.е. цена Товаров и другие условия Договора устанавливаются Продавцом к моменту оформления Заказа одинаковыми для всех Потребителей без оказания предпочтения одному Потребителю перед другим в отношении заключения Договора.
- Продавец вправе до момента оформления Заказа в одностороннем порядке изменять условия Публичной Оферты и Договора, являющегося ее неотъемлемой частью. После оформления Заказа внесение в него изменений допускается по основаниям и в порядке, предусмотренным действующим законодательством Кыргызской Республики.
- Подтверждением получения оферты, ознакомления со всеми ее условиями и порядком ее акцептования является регистрация Потребителя в Приложении и посещение страницы «Бездымная продукция» в Приложении. Оферта признается акцептованной (акцепт признается совершенным) Потребителем, а Договор заключенным при совершении Потребителем в совокупности следующих действий в соответствии с условиями Договора:
  - оформление Заказа на Товар с использованием Приложения;
  - оплата Гарантийного взноса;
  - подтверждение достижения Потребителем возраста двадцати одного года путем непосредственного предъявления Продавцу (его представителю по доверенности) оригинала документа, удостоверяющего личность Потребителя, до момента передачи ему Товара.

Несовершение Потребителем любого из выше указанных в настоящем пункте Договора действий или их совершение Потребителем с нарушением условий Договора считается отказом Потребителя от принятия настоящей публичной оферты и заключения Договора. Совершение Потребителем акцепта является подтверждением ознакомления и согласия Потребителя с условиями приобретения Товара, а также подтверждением согласия Потребителя на заключение договора купли-продажи Товара с Продавцом на условиях настоящего Договора. Каждое оформление Потребителем Заказа рассматривается как самостоятельное основание для заключения с ним Договора в отношении Товара, определенного таким Заказом. Акцепт Потребителя на заключение соглашения об уплате Гарантийного взноса считается совершенным, а само соглашение об уплате Гарантийного взноса считается заключенным с Продавцом на

условиях, предусмотренных в настоящем Договоре, с момента завершения оформления Потребителем Заказа на Товар и принятия этого Заказа Продавцом.

## 4. **Общие положения о Товаре**

- Стороны признают, что все информационные материалы, размещенные на Платформе (видео, фото, текст и т.д.), носят справочный характер и не могут в полной мере передавать информацию о свойствах и характеристиках Товара, включая цвет, размеры и формы. Наиболее полная и актуальная информация о Товаре содержится непосредственно в маркировке интересующего Потребителя Товара. В случае возникновения у Потребителя вопросов, касающихся свойств и характеристик Товара, перед приобретением Товара Потребитель вправе обратиться в объекты внутренней торговли Продавца или в Службу поддержки за получением интересующей его информации о Товаре, в том числе, за персональной презентацией. Список объектов внутренней торговли Продавца с адресами доступны в соответствующем разделе на сайте: https://www.iqos.com/kg/.ы
- Продавец предлагает к реализации Товар надлежащего качества, имеющийся на складе Продавца в момент оформления Заказа. Стороны настоящим признают возможность кратковременного отсутствия Товара определенного вида, указанного в Каталоге Товаров, на складе Продавца. В этом случае Продавец должен приложить необходимые усилия к скорейшему возобновлению наличия такого Товара на складе, либо, в случае невозможности восстановления ассортимента Товара, внести соответствующие изменения в Каталог Товаров.
- Право собственности на Товар и связанные с ним риски переходят от Продавца к Потребителю в момент передачи Товара Потребителю. Местом перехода права собственности является место передачи Товара Потребителю.
- На определенные виды Товаров предоставляется гарантия. Гарантийный срок и срок службы Товаров, на которые распространяется гарантия, указаны в соответствующих документах, входящих в комплект Товаров (далее – «**Гарантийный срок**»). Отсутствие специальных документов, входящих в комплект Товаров, которые определяют Гарантийный срок, означает, что гарантия для таких Товаров не предусмотрена.

## 5. **Регистрация в Приложении**

- Регистрация Потребителя в Приложении и посещение страницы «Бездымная продукция» предоставляет Потребителю возможность получить доступ к Платформе и произвести Заказ. Лицу, заинтересованному в регистрации, необходимо подтвердить, что ему более двадцати одного года.
- Лицо, не достигшее возраста восемнадцати лет, не может произвести Заказ Товаров.

## 6. **Порядок оформления Заказа и оплаты Гарантийного взноса**

- Оформление Потребителем Заказа осуществляется путем выполнения следующих последовательных действий:

- регистрация Потребителя в Приложении для получения доступа к Платформе;
- выбор Товара из Каталога, размещенного на Платформе, и формирование «Корзины» выбранных Товаров;
- проверка ассортимента Товаров в «Корзине» и выбор опции «Оформить заказ»;
- указание (проверка) условий сформированного Заказа (данные Потребителя, адрес доставки, контактный номер телефона Потребителя);
- выбор опции «Оплата», ознакомление с итоговой стоимостью Заказа с учетом доставки согласно указанному Потребителем адресу доставки;
- оплата суммы Гарантийного взноса с помощью платежных платформ, предусмотренных в Приложении.

6.2. После успешной оплаты Гарантийного взноса Потребитель получит информацию о принятии Продавцом Заказа на Товар.

## 7. **Стоимость Товара и условия оплаты Гарантийного взноса**

- Стоимость Товара указывается в сомах за единицу Товара в Каталоге, а также в платежных документах. Стоимость Товара указывается с учетом налога на добавленную стоимость.

- Стоимость доставки Товара до Потребителя формируется с учетом адреса доставки в соответствии с тарифами и условиями доставки Платформы.
- Стоимость Товара может быть изменена Продавцом в одностороннем порядке путем внесения изменений в Каталог. При этом цена Товаров, в отношении которых Потребителем оформлен Заказ и уплачен Гарантийный взнос, изменению не подлежат.
- Сумма Гарантийного взноса определяется в размере 100 % (сто процентной) стоимости Заказа (стоимость Товара и доставки) и оплачивается Потребителем с помощью платежных платформ, предусмотренных в Приложении.
- Продавец вправе применять специальные предложения, устанавливаемые правилами или иными документами Продавца, информация о которых должна быть доступна Потребителю на Платформе. При этом Продавец вправе устанавливать условия получения специальных предложений.

## 8. **Доставка Товара**

- Доставка Товара Потребителю осуществляется курьерами посредством использования а Платформы.
- При доставке указанный в Заказе Товар передается лично только тому Потребителю, чьи персональные данные были указаны при оформлении Заказа и только при условии подтверждения Потребителем достижения им возраста двадцати одного года.
- Потребитель обязан до передачи ему Товара Продавцом (его представителем по доверенности) предъявить Продавцу (его представителю по доверенности) оригинал документа, удостоверяющего личность Потребителя, в целях установления достижения Потребителем возраста восемнадцати лет.
- В случае непредъявления Потребителем Продавцу (его представителю) оригинала документа, удостоверяющего личность Потребителя, и/или недостижения Потребителем согласно предъявленному им документу возраста двадцати одного года, Продавец аннулирует исполнение Заказа и возвращает Потребителю сумму Гарантийного взноса.
- Риск случайной гибели или случайного повреждения Товара переходит к Потребителю с момента вручения Продавцом (его представителем по доверенности) Товара Потребителю.
- Обязанность Продавца передать Товар Потребителю считается исполненной в момент вручения Продавцом (его представителем по доверенности) Товара Потребителю.

## 9. **Обмен или возврат Товара ненадлежащего качества**

- В случае обнаружения в течение гарантийного срока недостатков Товара, Потребитель обращается с претензией в Службу поддержки, если иной порядок не определен Продавцом дополнительно, о чем Потребитель может узнать, обратившись в Службу поддержки.
- При наступлении гарантийного случая, обмен или возврат Товара осуществляется в соответствии с требованиями законодательства Кыргызской Республики.
- Перечень гарантийных и не гарантийных случаев для отдельных видов непродовольственных Товаров устанавливается в Приложении №1 к настоящему Договору.
- При обмене Товара на основании настоящей статьи Договора гарантийный срок на выданный (в качестве замены) Товар не исчисляется заново.
- В случае обмена или возврата Товара ненадлежащего качества Продавец несет расходы по доставке Товара ненадлежащего качества в адрес Продавца.
- Обмен Товара осуществляется по заявлению Потребителя установленной формы.

## 10. **Обмен или возврат Товара надлежащего качества**

- В случае необходимости осуществления обмена или возврата Товара надлежащего качества, Потребитель обращается в Службу поддержки для получения информации о порядке обмена или возврата Товара надлежащего качества.
- Возврат и обмен Товара надлежащего качества осуществляется в течение четырнадцати календарных дней в соответствии с требованиями законодательства Кыргызской Республики, если он не был в употреблении, сохранены его товарный вид, потребительские свойства, ярлыки, а также документ, подтверждающий факт приобретения Товара.
- Замена устройства IQOS/lil SOLID в связи с его неисправностью, которая подпадает под гарантийный случай согласно настоящей Публичной оферте, в рамках гарантийного

обслуживания за пределами Кыргызской Республики осуществляется в соответствии с условиями программы myIQOS (ранее CarePlus), размещенной на сайте: https://www.iqos.com/kg/.
- Товар считается не бывшим в употреблении и его товарный вид и потребительские свойства сохранены при следующих условиях:

- отсутствие повреждений упаковки /поверхности Товара;
- наличие работоспособного зарядного устройства, держателя, блока питания, кабеля USB;
- отсутствие царапин или иных повреждений поверхностей Товара.
- отсутствие частиц табака и запаха табака в держателе и зарядном устройстве, целостность лезвия (нагревательного элемента) держателя;
- отсутствие частиц табака и запаха табака в чистящем устройстве, а также комплектность - наличия крючка, целостность щеток;
- наличие наклейки на зарядном устройстве, защитной пленки на блоке питания и закрепляющего кольца на USB кабеле;
- сохранён серийный номер Товара;
- наличие пластиковой подставки для зарядного устройства и держателя, руководства пользователя и гарантия на трех языках.

Отсутствие пленки на коробке Товара не рассматривается как нарушение товарного вида.

- В случае обмена или возврата Товара надлежащего качества Потребитель несет все расходы по доставке Товара надлежащего качества в адрес Продавца.
- Обмен Товара осуществляется по заявлению Потребителя установленной формы.

## 11. **Персональные данные**

Продавец обязуется обеспечить конфиденциальность и обработку предоставленных ему персональных данных Потребителя, как субъекта персональных данных, с соблюдением всех применимых требований законодательства Кыргызской Республики в области защиты персональных данных, в том числе с соблюдением принципов, требований, обязательств оператора персональных данных, установленных законом Кыргызской Республики от 14 апреля 2008 года № 58 «Об информации персонального характера». Оформлением Заказа Потребитель предоставляет свое согласие на то, что имеющиеся у Продавца персональные данные Потребителя в объеме, необходимом для доставки Заказа, могут предоставляться курьеру, использующему Платформу. Такое предоставление Продавцом информации курьеру признается Сторонами правомерным распространением информации, то есть распространением информации для достижения законных интересов Потребителей.

## 12. **Заключительные положения**

- В случае возникновения противоречий между условиями настоящего Договора и общими условиями использования Платформы, общие условия использования Платформы имеют преимущественную силу.
- К отношениям между Потребителем и Продавцом применяются положения законодательства Кыргызской Республики.
- Настоящий Договор может быть изменен Продавцом в одностороннем порядке без уведомления Потребителя. Новая редакция Договора вступает в силу с даты его размещения на Платформе для ознакомления Потребителя.

ЭКЗЕМПЛЯР
ОсОО "FORESTER"

2023-жылдын 26-июнунда БЕКИТИЛГЕН
«Форестер» ЖЧКсынын жетекчилиги (Токойчу)
Административнай директор Черепов А.А. /
Юридикалык бөлүмдүн башчысы Дыйканбаева К.Б. /
М.П.

**АЙКЫН ОФЕРТА**

**(бардык олуттуу шарттарды камтыган чекене сатып алуу-сатуу келишимин түзүү жөнүндө сунуш)**

2023-жылдын 26-июнунан баштап күчүнө кирет

«Forester» («Форестер») жоопкерчилиги чектелген коому он сегиз жаш куракка чыккан, тамеки тарткан жана Товарларды сатып алууга кызыкдар болгон жеке жакка түзүү үчүн төмөндөгү айкын келишимди сунуштайт:

**Glovo тиркемеси аркылуу аралыктан Товарларды чекене сатып алуу-сатуу**

**АЙКЫН КЕЛИШИМИ**

**Преамбула**

Ушул аралыктан чекене сатып алуу-сатуу айкын келишими (мындан ары - «**Келишим**») айкын офертанын ажырагыс бир бөлүгү болуп саналат жана «Forester» («Форестер») жоопкерчилиги чектелген коому, төмөндөгү даректе катталган юридикалык жак: Кыргыз Республикасы, Бишкек ш., Чолпон-Ата көч., 16-үй, почта индекси: 720048, мындан ары «**Сатуучу**» деп аталган, бир тараптан жана он сегиз жаш куракка толгон, тамеки тарткан жана Glovo Платформасы (анын аныктамасы төмөндө берилген) аркылуу Товарларды сатып алууга кызыкдар болгон, мындан ары «**Керектөөчү**» деп аталган, Келишим түзүү жөнүндө сунушту (айкын офертаны) акцепттеген, аракетке жөндөмдүү жеке жактын, экинчи тараптан, ортосундагы жеке кабинет аркылуу Glovo технологиялык платформасынын (мындан ары – «**Платформа**») жардамында Товарларды чекене сатып алуу-сатуу маселелери боюнча өзгөртүүсүз Сатуучунун шарттарында өз ара аракеттенүүнүн жалпы жана негизги шарттарын жөнгө салат.

## 1. Аныктамалар

- **Товар** – IQOS электрондук тамекини ысытуучу системасы, ысытылуучу тамеки, атап айтканда HEETS ысытылуучу тамеки таякчалары бар буюм, ошондой эле Сатуучу Керектөөчүгө Буйуртманы тариздөө учурунда Сатуучуда болгон, Сатуучунун Каталогуна ылайык, белгилүү бир баада сатууга сунуштаган ар кандай башка товарлар. Сатуучу сатууга сунуштаган Товарлардын тизмеги жана алардын наркы ал тарабынан бир тараптуу тартипте аныкталат жана Сатуучунун Каталогунда чагылдырылат.
- **Каталог** – https://glovoapp.com/kg/ru/ интернет-ресурсунда (мындан ары – Интернет-ресурс) же чогуу Платформаны түзүүчү Тиркемелерде жайгаштырылган, Товарлардын ассортиментин жана тиешелүү бааларын, Товарлардын негизги керектөө касиеттерин көрсөтүү менен Сатуучу Керектөөчүгө сатууга сунуштаган Товарлардын тизмеги.
- **Буйуртма** – Платформада тандалган Товарларды сатып алууга жана Керектөөчү көрсөткөн дарекке жеткирүүгө Керектөөчүнүн тиешелүү түрдө таризделген суроо-талабы.
- **Колдоо кызматы** – Буйуртманы кабыл алуу жана иштеп чыгуу үчүн, ошондой эле Товарды жеткирүүнү жана сатууну уюштуруу үчүн жоопту Сатуучунун байланыш-борбору, телефон номери: 1848.
- **Тараптар** – Сатуучу жана Керектөөчү чогуу эскерткенде.
- **Кепилдик төгүмү** – Сатып алуу-сатуу келишими боюнча буйуртма кылынган Товарга төлөө боюнча милдеттенмелерди аткарууну камсыздоодо Керектөөчү Сатып алуучуга берген акча суммасы.
- **«Тиркеме»** - Интернет тармагында Glovo веб-түйүндөрүндө Сатуучунун Контентин иштеп чыгуу, жарыялоо мүмкүнчүлүгүн берген жана белгилүү бир адамдар тобунун (Тиркемеде катталган) Сатуучунун Контенти менен таанышуусуна шарт түзгөн онлайн-сервис түрүндөгү компьютердик программа.
- **«Контент»** - Тиркемеде иштеп чыгуу үчүн Сатуучу тарабынан берилген маалымдама мүнөзүндөгү маалымат.
- **«Өздүгүн тастыктаган документ»** - инсанды идентификациялоо максатында анын ээсинин өздүгүн жана укуктук статусун аныктоого мүмкүнчүлүк берген жеке жактын жеке дайындары жөнүндө маалымат жазылган белгиленген үлгүдөгү материалдык объект, атап айтканда:

  - Кыргыз Республикасынын жаранынын паспорту;
  - Кыргыз Республикасынын жаранынын өздүк күбөлүгү.

## 2. Келишимдин предмети

- Сатуучу Товарды Керектөөчүгө ишкердик иши менен байланышпаган, аны пайдалануу максаттары үчүн менчикке берүүгө милдеттенет, ал эми Керектөөчү Буйрутманы тариздөө учурунда колдонулган Товарлардын Каталогуна жана ушул Келишимдин башка шарттарына, анын ичинде Сатуучунун буйруктары жана (же) башка документтери менен белгиленген шарттарга ылайык Товарга төлөйт жана кабыл алат.
- Товардын спецификасына, аны сатып алуу жолуна жана (же) Сатуучу белгилеген, Товарды сатып алуу-сатуунун башка шарттарына жараша, өзүнчө буйруктарда, эрежелерде же башка документтерде же ушул Келишимдин ажырагыс бөлүгү болуп саналган жана алар менен Керектөөчү Платформада же Колдоо кызматына кайрылуу аркылуу тааныша ала турган, Сатуучунун башка документтеринде камтылган кошумча, өзгөрүүчү, конкреттештирүүчү жана башка жоболор болушу мүмкүн.

## 3. Келишимди түзүү жана анын шарттарын өзгөртүү тартиби

- Ушул Келишим Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексинин 398-беренесине ылайык айкын Келишим болуп саналат, б.а. Товарлардын баасы жана Келишимдин башка шарттары Сатуучу тарабынан Буйрутманы тариздөө учурунда Келишимди түзүүгө карата башкалардын алдында бир Керектөөчүгө артыкчылык берүүсүз бардык Керектөөчүлөр үчүн бирдей белгиленет.
- Сатуучу Буйрутманы тариздөө учуруна чейин бир тараптуу тартипте Айкын офертанын жана анын ажырагыс бөлүгү болуп саналган Келишимдин шарттарын өзгөртүүгө укуктуу. Буйрутманы тариздегенден кийин ага өзгөртүүлөрдү киргизүүгө Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарында каралган негиздер боюнча жана тартипте жол берилет.
- Офертаны алуунун, анын бардык шарттары жана аны акцепттөө тартиби менен таанышуунун ырастоосу Керектөөчүнүн Тиркемеде катталуусу жана Тиркемедеги «Түтүнсүз өндүрүм» баракчасына кирүүсү болуп саналат. Оферта Керектөөчү Келишимдин шарттарына ылайык төмөндөгү иш-аракеттерди аткарганда Керектөөчү тарабынан акцептелди (акцепт жасалды деп таанылат), ал эми Келишим түзүлдү деп таанылат:
- Тиркемени пайдалануу менен Товарга Буйрутманы тариздөө;
- Кепилдик төгүмүн төлөө;
- Товарды Керектөөчүгө бергенге чейин анын өздүгүн күбөлөндүргөн документтин түп нускасын түздөн-түз Сатуучуга (ишеним кат боюнча анын өкүлүнө) берүү аркылуу Керектөөчү он сегиз жаш куракка толгонун ырастоо.

Керектөөчүнүн жогоруда ушул Келишимдин пунктунда көрсөтүлгөн иш-аракеттерди аткарбагандыгы же аларды Керектөөчүнүн Келишимдин шарттарын бузуу менен аткаруусу Керектөөчүнүн ушул айкын офертаны кабыл алуудан жана Келишимди түзүүдөн баш тартуусу деп эсептелет. Керектөөчүнүн акцепт жасагандыгы Керектөөчүнүн Товарды сатып алуу шарттары менен таанышкандыгынын жана макулдугунун ырастоосу, ошондой эле ушул Келишимдин шарттарында Сатуучу менен Товарды сатып алуу-сатуу келишимин түзүүгө Керектөөчүнүн макулдугунун ырастоосу болуп саналат. Керектөөчүнүн Буйрутманы ар бир тариздөөсү мындай Буйрутма менен аныкталган ,Товарга карата аны менен Келишим түзүү үчүн өз алдынча негиз катары каралат. Керектөөчү Товарга Буйрутманы тариздөөнү аяктаган жана бул Буйрутманы Сатуучу кабыл алган учурдан тартып Кепилдик төгүмүн төлөө жөнүндө макулдашууну түзүүгө Керектөөчүнүн акцепти жасалды, ал эми Кепилдик төгүмүн төлөө жөнүндө макулдашуу Сатуучу менен ушул Келишимде каралган шарттарда түзүлдү деп эсептелет.

## 4. Товар жөнүндө жалпы жоболор

- Тараптар Платформада жайгашкан бардык маалыматтык материалдар (видео, фото, текст ж.б.) маалымдама мүнөзүнө ээ жана Товардын касиеттери жана мүнөздөмөлөрү, анын ичинде түсү, өлчөмү жана формасы жөнүндө маалыматты толук чеңемде бербей турганын таанышат. Товар жөнүндө толук жана актуалдуу маалымат Керектөөчүнү кызыктырган Товардын маркалоосунда камтылган. Керектөөчүдө Товардын касиеттерине жана мүнөздөмөсүнө тиешелүү маселелер жаралган учурда, Товарды сатып алуудан мурда Товар жөнүндө аны кызыктырган маалыматты алуу үчүн, анын ичинде, жеке бет ачар үчүн Керектөөчү Сатуучунун ички соода объекттерине же Колдоо кызматына кайрылууга укуктуу. Сатуучунун ички соода объекттеринин тизмеси даректери менен сайттагы тиешелүү бөлүмдө жеткиликтүү: https://www.iqos.com/kg/.ы
- Сатуучу Буйрутманы тариздөө учурунда Сатуучунун кампасында болгон сапаты жакшы Товарды сатууга сунуштайт. Тараптар муну менен Товарлардын Каталогунда көрсөтүлгөн Товардын белгилүү бир түрүнүн Сатуучунун кампасында кыска убакыттык жок болушу мүмкүн экенин таанышат. Мындай учурда Сатуучу кампада мындай Товардын болушун тез арада калыбына келтирүү үчүн керектүү аракеттерди көрүшү керек, же Товардын ассортиментин калыбына келтирүү мүмкүн болбогон учурда Товарлардын Каталогуна тиешелүү өзгөртүүлөрдү киргизиши керек.
- Товарга менчик укугу жана аны менен байланыштуу тобокелдиктер Товарды Керектөөчүгө берген учурда Сатуучудан Керектөөчүгө өтөт. Менчик укугунун өтүү орду Товарды Керектөөчүгө берүү орду болуп саналат.
- Товарлардын белгилүү бир түрлөрүнө кепилдик берилет. Ага карата кепилдик жайылтылган Товарлардын кепилдик мөөнөтү жана кызмат өтөө мөөнөтү (мындан ары – «**Кепилдик мөөнөтү**») Товарлардын комплектине кирген

тиешелүү документтерде көрсөтүлгөн. Кепилдик мөөнөтүн аныктай турган, Товарлардын комплектине кирген атайын документтердин жоктугу мындай Товарлар үчүн кепилдик каралбаганын билдирет.

## 5. Тиркемеде катталуу

- Керектөөчүнү Тиркемеде каттоо жана «Түтүнсүз өндүрүм» баракчасына кирүү Керектөөчүгө Платформага кирүү жана Буйрутма кылуу мүмкүнчүлүгүн берет. Катталууга кызыкдар адам ал он сегиз жаштан ашканын тастыкташы керек.
- Он сегиз жаш куракка чыга элек адам Товарларды Буйрутма кыла албайт.

## 6. Буйрутманы тариздөө жана Кепилдик төгүмүн төлөө тартиби

- Керектөөчүнүн Буйрутманы тариздөөсү төмөндөгү ырааттуу иш-аракеттерди аткаруусу аркылуу жүзөгө ашырылат:

- Платформага кирүү мүмкүндүгүн алуу үчүн Керектөөчүнүн Тиркемеде катталуусу;

- Платформада жайгаштырылган Каталогдон Товарды тандоо жана тандалган Товарлардын «Себетин» түзүү;

- «Себеттеги» Товарлардын ассортиментин текшерүү жана «Буйрутманы тариздөө» опциясын тандоо;

- түзүлгөн Буйрутманын шарттарын көрсөтүү (текшерүү) (Керектөөчүнүн маалыматтары, жеткирип берүү дареги, Керектөөчүнүн байланыш телефон номери);

- «Төлөө» опциясын тандоо, Керектөөчү көрсөткөн жеткирип берүү дарегине ылайык жеткирип берүүнү эске алып, Буйрутманын жалпы наркы менен таанышуу;

- Тиркемеде каралган төлөм платформаларынын жардамы менен Кепилдик төгүмүнүн суммасын төлөө.

6.2. Кепилдик төгүмүн ийгиликтүү төлөөдөн кийин Керектөөчү Сатуучунун Товарга Буйрутманы кабыл алгандыгы жөнүндө маалыматты алат.

## 7. Товардын баасы жана Кепилдик төгүмүн төлөө шарттары

- Товардын баасы Каталогдо, ошондой эле төлөм документтеринде Товардын бирдиги үчүн сом менен көрсөтүлөт. Товардын баасы кошумча нарк салыгын эске алуу менен көрсөтүлөт.
- Товарды Керектөөчүгө чейин жеткирүү баасы Платформанын жеткирип берүү тарифтерине жана шарттарына ылайык жеткирип берүү дарегин эске алуу менен түзүлөт.
- Товардын наркы Каталогго өзгөртүүлөрдү киргизүү аркылуу бир тараптуу тартипте Сатуучу тарабынан өзгөртүлүшү мүмкүн. Мында Керектөөчү тарабынан Буйрутма тариздедген жана Кепилдик төгүмү төлөнгөн Товарлардын баасы өзгөртүлбөйт.
- Кепилдик төгүмүнүн суммасы Буйрутманын наркынан 100% (жүз пайыз) өлчөмүндө (Товардын жана жеткирип берүүнүн наркы) аныкталат жана Тиркемеде каралган төлөм платформаларынын жардамы менен Керектөөчү тарабынан төлөнөт.
- Сатуучу Сатуучунун эрежелери же башка документтери менен белгиленген атайын сунуштарды колдонууга укуктуу, ал жөнүндө маалымат Керектөөчүгө Платформада жеткиликтүү болушу керек. Мында Сатуучу атайын сунуштарды алуу шарттарын белгилөөгө укуктуу.

## 8. Товарды жеткирип берүү

- Товарды Керектөөчүгө жеткирип берүү Платформаны пайдалануу аркылуу курьер тарабынан жүзөгө ашырылат.
- Жеткирип берүүдө Буйрутмада көрсөтүлгөн Товар Буйрутманы тариздөөдө жеке маалыматтары көрсөтүлгөн Керектөөчүгө гана жана Керектөөчү он сегиз жаш куракка чыкканын тастыктаган шартта гана берилет.
- Керектөөчү ага Сатуучу (ишеним кат боюнча анын өкүлү) Товарды бергенге чейин Сатуучуга (ишеним кат боюнча анын өкүлүнө) Керектөөчүнүн он сегиз жаш куракка толгонун аныктоо максатында Керектөөчүнүн өздүгүн күбөлөндүргөн документтин түп нускасын берүүгө милдеттүү.
- Керектөөчү Сатуучуга (ишеним кат боюнча анын өкүлүнө) Керектөөчүнүн өздүгүн күбөлөндүргөн документтин түп нускасын бербеген жана/же Керектөөчү ал көрсөткөн документке ылайык он сегиз жаш куракка толбогон учурда, Сатуучу Буйрутманы аткарууну жокко чыгарат жана Керектөөчүгө Кепилдик төгүмүнүн суммасын кайтарып берет.

- Товардын кокустан кыйроо же кокустан бузулуу тобокелдиги Сатуучу (ишеним кат боюнча анын өкүлү) Товарды Керектөөчүгө тапшырган учурдан тартып Керектөөчүгө өтөт.
- Сатуучунун Товарды Керектөөчүгө берүү милдети Сатуучу (ишеним кат боюнча анын өкүлү) Товарды Керектөөчүгө тапшырган учурдан тартып аткарылды деп эсептелет.

## 9. Сапаты начар Товарды алмаштырып берүү же кайтарып берүү

- Кепилдик мөөнөтү ичинде Товардын кемчиликтери аныкталган учурда, эгерде Сатуучу тарабынан кошумча башкача тартип аныкталбаса, Керектөөчү доомат менен Колдоо кызматына кайрылат, бул тууралуу Керектөөчү Колдоо кызматына кайрылып биле алат.
- Кепилдик учуру башталганда, Товарды алмаштырып берүү же кайтарып берүү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарына ылайык жүргүзүлөт.
- Азык-түлүк эмес Товарлардын айрым түрлөрү үчүн кепилдик жана кепилдик эмес учурларынын тизмеги ушул Келишимдин №1 тиркемесинде белгиленет.
- Товарды Келишимдин ушул беренесинин негизинде алмаштырып берүүдө берилген (алмаштыруу катары) Товарга кепилдик мөөнөтү кайрадан эсептелет.
- Сапаты начар Товарды алмаштырып берүү же кайтарып берүү учурунда Сатуучу сапаты жакшы Товарды Сатуучунун дарегине жеткирип берүү боюнча чыгымдарды тартат.
- Товарды алмаштырып берүү белгиленген формадагы Керектөөчүнүн арызы боюнча жүргүзүлөт.

## 10. Сапаты жакшы Товарды алмаштырып берүү же кайтарып берүү

- Сапаты жакшы Товарды алмаштырып берүү же кайтарып берүү зарыл болгондо, Керектөөчү сапаты жакшы Товарды алмаштырып берүү же кайтарып берүү тартиби жөнүндө маалыматты алуу үчүн Колдоо кызматына кайрылат.
- Сапаты жакшы Товарды алмаштырып берүү же кайтарып берүү эгерде ал колдонулбаса, анын товардык көрүнүшү, керектөө касиеттери, ярлыктары, ошондой эле Товарды сатып алуу фактысын тастыктаган документ сакталса, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарына ылайык он төрт календардык күн ичинде жүргүзүлөт.
- Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары кепилденген тейлөөнүн алкагында, ушул Айкын офертага ылайык кепилдик учуруна кире турган бузуктугуна байланыштуу IQOS/lil SOLID түзмөктөрүн алмаштыруу https://www.iqos.com/kg/ сайтында жайгаштырылган myIQOS (мурда CarePlus) программасынын шарттарына ылайык жүзөгө ашырылат.
- Товар төмөндөгү учурларда пайдалануудан чыккан эмес жана анын товардык көрүнүшү жана керектөө касиеттери сакталган деп эсептелет:

- Товардын таңгагынын/үстүңкү бетинин бузулууларынын жоктугу;
- иштөөгө жөндөмдүү кубаттагычтын, кармагычтын, кубаттандыргыч блогунун, USB кабелинин болушу;
- Товардын үстүңкү бетинде сыйрылуулардын же башка бузулуулардын жоктугу.
- кармагычта жана кубаттагычта тамеки бөлүкчөлөрүнүн жана тамеки жытынын жоктугу, кармагыч мизинин (ысытуучу элементтин) бүтүндүгү;
- тазалоочу түзмөктө тамеки бөлүкчөлөрүнүн жана тамеки жытынын жоктугу, ошондой эле комплекттүүлүк – илмектин болушу, щетканын бүтүндүгү;
- кубаттагычта чаптаманын, кубаттандыргыч блокто коргоочу пленканын жана USB кабелде бекиткич шакектин болушу;
- Товардын серия номери сакталган;
- кубаттагыч жана кармагыч үчүн платистик койгучтун, колдонуучунун нускамасынын жана кепилдиктин үч тилде болушу.

Товардын кутусунда пленканын жоктугу товардын көрүнүшүн бузуу катары каралбайт.

- Сапаты жакшы Товарды алмаштырып берүү же кайтарып берүү учурунда Керектөөчү Сатуучунун дарегине сапаты жакшы Товарды жеткирүү боюнча бардык чыгымдарды тартат.
- Товарды алмаштырып берүү белгиленген формада Керектөөчүнүн арызы боюнча жүргүзүлөт.

## 11. Жеке маалыматтар

Сатуучу жеке маалыматтарды коргоо жаатындагы Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын бардык колдонуудагы талаптарын сактоо менен, анын ичинде 2008-жылдын 14-апрелиндеги № 58 «Жеке мүнөздөгү маалымат жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамында белгиленген жеке маалыматтардын операторунун принциптерин, талаптарын, милдеттенмелерин сактоо менен, жеке маалыматтардын субъекти катары, Керектөөчүнүн ага берилген жеке маалыматтарынын купуялуулугун жана иштеп чыгууну камсыздоого милдеттенет. Буйрутманы тариздөө менен Керектөөчү

Сатуучуда болгон Буйрутманы жеткирүү үчүн керектүү көлөмдөгү Керектөөчүнүн жеке маалыматтары Платформаны колдонгон курьерге берилиши мүмкүн экенине өз макулдугун берет. Сатуучунун маалыматты курьерге берүүсүн Тараптар маалыматты укук ченемдүү жайылтуу, башкача айтканда, Керектөөчүлөрдүн мыйзамдуу кызыкчылыктарына жетүү үчүн маалыматты жайылтуу катары таанышат.

## 12. **Корутунду жоболор**

- Ушул Келишимдин жана Платформаны пайдалануунун жалпы шарттарынын ортосунда карама-каршылыктар пайда болгон учурда, Платформаны пайдалануунун жалпы шарттары артыкчылыктуу күчкө ээ болот.
- Керектөөчү менен Сатуучунун ортосундагы мамилелерге карата Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын жоболору колдонулат.
- Ушул Келишим Керектөөчүгө билдирүүсүз Сатуучу тарабынан бир тараптуу тартипте өзгөртүлүшү мүмкүн. Келишимдин жаңы редакциясы аны Керектөөчүнүн таанышуусу үчүн Платформада жайгаштырылган күндөн тартып күчүнө кирет.